УДК: 598.2.9
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-33-37

**Ташибекова З.М.**
биол. илим. канд., доц. м.а.
Талас мамлекеттик университети
**Шаршеналиева Г.А.**
биол. илим., канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Байжигитова Н.Ч.**
ага окутуучу
Талас мамлекеттик книверситети
**Ташибекова З.М.**
канд. биол. наук, и.о. доц.
Таласский государственный университет
**Шаршеналиева Г.А.**
канд. биол. наук, доц.
Кыргызский государственный университет им. Арабаева
**Байжигитова Н.Ч.**
старший преподаватель
Таласский государственный университет
**Tashibekova Z.M.**
Candidate of Biological Sciences, Acting Associate Professor
Head of the Department of Natural Sciences
Talas State University
**Sharshenalieva G. A.**
Candidate of Biological Sciences, Acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Baizhigitova N.Ch.**
Senior Lecturer
Department of Natural Sciences
Talas State University

# БЕШ-ТАШ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН КАНАТТУУЛАРЫ

# ПТИЦЫ НАЦИОНАЛЬНОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА БЕШ-ТАШ

# BIRDS OF BESH-TASH NATIONAL PARK

**Аннотация:** Мамлекеттик Улуттук Беш-Таш жаратылыш паркынын канаттууларынын түрдүк курамы түзүлгөн. Канаттуулардын биоценотикалык бөлүштүрүлүшү изилденген.
**Негизги сөздөр:** канаттуулар, биоценоздор, алкактуулук.

**Аннотация:** В статье представлен видовой состав птиц Государственного Национального природного парка Беш-Таш, исследовано биоценотическое их распределение по территории.
**Ключевые слова:** птицы, биоценозы, зональность

**Annotation:** The article presents the species composition of birds of the Besh-Tash State National Natural Park, their biocenotic distribution over the territory is studied.
**Keywords:** birds, biocenoses, zonality

Республикада сейрек учуроочу жана жоголуп бара жаткан жаныбарлардын түрлөрүн сактап калыш үчүн Мамлекеттик коруктар жана Улуттук парктарды түзүүдө окумуштуулар жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн түрдүк курамын болжолдуу санап көрсөтүү менен гана чектелип калышкан. Кыргызстандын табигый шартын жердеген омурткалуу жаныбарларынын таралышы, түрдүк курамы жана аларга гана тиешелүү биоэкологиялык, морфологиялык, биогеографиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрү XIX – кылымдын акырында жана XX – кылымда көптөгөн окумуштууларды кызыктыруу менен бирге, алардын изилдөөлөрүнүн предмети болуп келген. Кыргызстандын фаунасы жөнүндөгү эң алгачкы маалыматтар 1867 – жылы улуу саякатчы Н.А. Северцов (Н.А. Северцов, 1953) тарабынан берилген. Кыргызстандын тоолуу канаттууларынын изилденишине чоң салымды 1883-жылдан 1888-жылдары Кыргызстан аркылуу саякаттан өткөн Борбордук Азиянын изилдөөчүсүн – Н.М. Прежевальскийди атоого болот. Кыргызстандын канаттууларынын коллекциялык материалы канаттууларды сүйүүчүлөр тарабынан топтолгон. Ал эми ушул мезгилге чейин жаныбарлардын түрдүк курамы ошол коруктарда (анын ичинде Беш-Таш коругунда да) даана тактала элек (башкача айтканда, бир да окумуштуу тарабынан фаунасы атайын изилдене элек). Талас өрөөнүнүн канаттууларынын коллекциялык материалдары биринчи жолу 1913-жылы В.В. Чернавин тарабынан топтолгон.

1917-жылга чейин орнитологиялык маалыматтар кыргызстандын баардык аймагынан топтолгон. Чоң фаунистикалык маалымат топтолуу менен бирге, айрым бир түрлөрдүн биологиясы боюнча, өзгөчө суу – саздуу жерди жердеген канаттуулар боюнча көптөгөн маалыматтар топтолгон. Ошентсе дагы канаттуулар толугу менен изилдене элек эле. Алардын миграциясы-жыл мезгилдерине карата орун которуштуруулары, кышкысын кай жакка учуп кете тургандыктары боюнча маалымат жокко эсе болчу.

Биздин изилдөөлөрдүн жана илимий булактардын негизинде коруктун чегинде канаттуулардын төмөндөгү түрлөрүн атоого болот:

1946-жылы К.Абдылдабеков Талас тоо кыркасынын омурткалууларынын фаунасына изилдөөлөрдү жүргүзүү менен, республикабызда биология жаатында биринчи жолу кандидаттык диссертациялык иш жакталган. Биздин изилдеп жаткан район – Талас өрөөнү. Бул өрөөн Кыргыз жана Талас Ала-Тоосунун ортосунда жайгашкан. Талас өрөөнүнүн жалпы конфигурациясы үч бурчтукту элестетет да, 28400 га аймакты ээлейт. Узундугу 240 км ал эми, 40-45 км жалпы бийиктиги 3500–4700 м. Климаты – континенталдык фаунасы, флорасы Талас өрөөнүнүн 900–1000 абсолюттук бийиктикте жайланышып, тоо этектеринде 1100–1300 бийиктикте ал эми, 2200–2900 деңиз деңгээлинин бийиктигинде жыштыгы төмөн болгон ийне жалбырактуу дарак өсүмдүктөрү кездешет.

*Субальп* шалбаа адырлары арча каптоосундагы капчыгайлар 3000–3500 м деңиз деьгээлинде кездешет. Илимдер академиясынын омурткалуулар зоологиясы лабораториясы канаттуулар жана сүт эмүүчүлөр боюнча багыттуу изилдөөлөрдү уюштура баштаган. Фаунистикалык топтоолор менен катар эле экологиялык мүнөздөгү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. 1952-жылдан 1959-жылга чейин профессор А.И. Янушевич Талас тоо кыркасы боюнча маршруттук экспедиция уюштурган. Ага А.Т. Токтосунов, К. Бейшебаев, Э.Д. Шукуров, В.Н. Катаевский, Д. Ырсалиев жана башка окумуштуулар катышкан. Тигил же бул башка биоценоздун ичинде жашаган жаныбарлар, ошол биоценоздун курамы катары чөйрөнүн шарттарынын, таасирлеринин астында турушат. Кандай гана биоценоз болбосун анын жаныбарлары убактыларын ошол биоценоздун ар кайсы жерлеринде өткөрүшөт. Андан дагы биоценоздорго тийгизген азыркы мезгилдеги күчү антропогендик таасирлер ага белгилүү

| № | Кыргыз тилинде | Орус тилинде | Латын тилинде |
|---|---|---|---|
| | **Жырткычтардан: Falconiformes** | | |
| 1 | *Ак кажыр* | *Белоголовый сип* | *Gups filvus (Habl)* |
| 2 | *Журтчу* | *Стервятник* | *Neophron percnpterus* |
| 3 | *Күйкө* | *Пустельга* | *Cerchneis tinnunculus* |
| 4 | *Туруумтай* | *Дербник* | *Aesalon columbarius* |
| 5 | *Бүркүт* | *Орел* | *Aguila chrysaetus* |
| 6 | *Балта жутар, көк жору* | *Бородач или ягнатник* | *Gipaetus barbatus* |
| **Карга сымалдуулардан: Crows** | | | |
| 1 | *Кара карга* | *Ворона* | *Carrion Crow* |
| 2 | *Кузгун* | *Ворон* | *Corvus corax L* |
| 3 | *Кызыл тумшук чөкө таан* | *Клушица* | *Pyrrhocorax L* |
| 4 | *Альпы чөкө таан* | *Альпийская галка* | *Pyrrhocorax graculus L* |
| 5 | *Сагызган* | *Сорока* | *Pica pica L* |
| **Тоок сымалдуулардан: Galliformes** | | | |
| 1 | *Улар* | *Темнобрюхий или гималай-ский улар* | *Tetraogallus himalayensis gray* |
| 2 | *Кеклик* | *Кеклик* | *Alectoris graeca (Meisn)* |
| 3 | *Чил* | *Бородатая куропатка* | *Perdix daurica (Pall)* |
| **Көгүчкөн сымалдуулардан: Columbiformes** | | | |
| 1 | *Алагүү* | *Вяхирь или витютень* | *Columba palumbus L* |
| 2 | *Ак куйрук көгүчкөн - аска көгүчкөнү* | *Скалистый или каменный – голубь* | *Columba rupestris Pall* |
| 3 | *Көк көгүчкөн* | *Сизый голубь* | *Columba livia Gim* |
| 4 | *Кадимки бактек* | *Обыкновенная горлица* | *Streptopelia turtur L* |
| **Тарпылдак сымалдуулардын: Paserriformes** | | | |
| 1 | *Боз тарпылдак* | *Рябинник* | *Turdus pilaris L* |
| 2 | *Кара тарпылдак* | *Темнозобый дрозд* | *Turdus ruficollis* |
| 3 | *Чаар таш тарпылдак* | *Деряба* | *Turdus viscivorus* |
| 4 | *Сай сагызган* | *Синяя птица* | *Myophonus caeruleus Scop* |
| **Чулдук сымалдуулардан: Chorodriiformes** | | | |
| 1 | *Орок тумшук* | *Серпоклюв* | *Jbidohyncha strathersii Vig* |
| **Каз сымалдуулардан: Anseriformes** | | | |
| 1 | *Тоо казы* | *Горный гусь* | *Eulabeia inolica (Lath)* |
| 2 | *Аңыр* | *Огарь или атайка* | *Casarca ferruginea (Pall)* |
| **Таранчы сымалдуулардан: Passeriformes** | | | |
| 1 | *Тоо таранчы* | *Гималайский вьюрок* | *Leucosticte nemoricola Hodgs* |
| 2 | *Талаа таранчы* | *Полевой воробей* | *Passer montonus L* |
| 3 | *Эжеке бээ саа* | *Обыкновенная чечевица* | *Cfrpodacus erythrina Pall* |
| 4 | *Кызыл куйрук* | *Обыкновенная горихвостка* | *Phoenicurus Phoenicurus* |
| 5 | *Тоо эл сыңары* | *Горлый конек* | *Anthus spinoletta L* |
| 6 | *Кара каш торгой* | *Рогатый* | *Eremophila alpestris L* |
| 7 | *Борбаш* | *Жулан* | *Lanius cristatus L* |
| 8 | *Чакчыгай* | *Каменка плясунья* | *Oenantheisabellina Temm* |
| 9 | *Котурепей* | *Черноголовый чекан* | *Saxicola torguata L* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10 | *Кызыл төш* | *Коноплянка* | *Aconthis cannabina L* |
| 11 | *Таталбек* | *Скалистая овсянка* | *Emberiza buchanani Blyth* |
| 12 | *Кара чыйырчык* | *Обыкновенный скворец* | *Sturnus vulgaris L* |
| 13 | *Сары королу* | *Обыкновенный сверчок* | *Locustella naevia (Bodd)* |
| 14 | *Арча балта тумшугу* | *Арчовый дубнос* | *Mucerobas carnipes nodg-son* |

өзгөрүүлөрдү киргизет, жаныбарлардын популяцияларынын динамикасына, биотопторго бөлүнүштөрүнө санына, көбөйүшүнүн интенсивдүүлүгүнө, ар башка биоценоздордогу жаныбарлардын популяцияларынын ичиндеги жана популяция аралык өз ара катнаштарына, кандай биоценоз болбосун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп, анын түрдүк курамы каралат. Белгилүү типтеги биоценоздордун ичиндеги биотопторго мүнөздүү жаныбарлардын түрлөрүнүн саны ар түрдүү ошого байланыштуу биз бул макалабызда канаттуулардын түрдүк курамын гана киргиздик.

«Беш-Таш» коругунун чегинде биотоптор;

1. Тоо этегиндеги шыбактуу адырлар жана талаалар
2. Беш-Таш суусунун боюндагы кайыңдан жана теректерден, анда-санда дарак сымал арчалардан, анча-мынча карагайдан турган токойлор.
3. Бийик тоолуу альпы
4. Аскалар жана куюлма шагылдар.

Канаттуулардын жана башка жаныбарлардын түрдүк курамын аныктап тактоо боюнча эми гана изилдөө иштери улантылып жатат. Коруктагы канаттуулар төмөндөгүдөй биотопторго бөлүнүшкөн.

**1. Тоо этегиндеги адырлар жана талааларда жашагандар;**

Тоо таранчы – Гималайский вьюрок – *Leucosticte nemoricola Hodgs*
Чакчыгай Каменка – плясунья – *Oenantheisabellina Temm*
Котурепей – Черноголовый чекан – *Saxicola torguata L*
Таталбек – Скалистая овсянка – *Emberiza buchanani Blyth*

**2. Беш-Таш суусунун боюндагы бадалдуу токойлорду байыр алгандар;**

Сагызган – Сорока – *Pica pica (L)*
Эжеке бээ саа – Обыкновенная чечевица – *Cfrpodacus erythrina Pall*
Борбаш – Жулан – *Lanius cristatus L*

**3. Бийик тоолуу шалбаадагылар;**

Тоо эр сынары – Горлый конек – *Anthus spinoletta L*
Ала дунга – Снежный вьюрок – *Montifringilla nivalis L*
Кара каш торгой – Рогатый – *Eremophila alpestris L*

**Көлмөлөрдө көлдөрдө;**

Каз – Серый гусь – *Anser anser L*
Аңыр – Огарь или атайка – *Casarca ferruginea (Pall)*
Чүрөк – Чирок свистунок – *Anas crecca cressa*

**4. Аскалар жана зоолор, куйулма шагылдарда жашагандар;**

Ак кажыр – Белоголовый сип – *Gyps filvus (Habl)*
Балта жутар – көк жору - Бородач или ягнатик - *Gipaetus barbatus*

Бүркүт – Орел, Беркут - *Aguila chrysaetus*

Журтчу – тарычы – Стервятник – Neophron percnpterus

Улар – Темнобрюхий или гималайский улар – *Tetraogallus himalayensis gray*

Кызыл тумшук чөкө таан – Клущица – *Pyrrhocorax pyrrhocorax (L)*

Чаар таш тарпылдак – Деребя – *Turdus viscivorus*

Аталып кеткен канаттуулардын ичинен 20 түрү эч кайда кетишпейт. Ал эми 342 түрү келгиндер. Кышка жакын учуп кетишет да, жаз алды менен кайрадан учуп келишет. Жылдык аба температурасынын орточо амплитудасы 15 темпиратурадан жогору. Абсалюттук максимуму +37 –38$^{0}$С. Салыштырма аба нымдуулугу өтө чоң эмес: жайында, кышында да 60–70% чегинде өзгөрмөлүү. Кышкы суук жана узак (төрт айга чейин). Жай салыштырмалуу жылуу, күз кургак жана мээлүүн. Бирок да, бийик тоонун канаттуулары кышкысын кар калың түшкөндө, катуу суук мезгилдерде өзүлөрүнүн мүнөздүү биотопторун таштап, төмөнкү алкактарга чейин келишет (мисалы; кара каш кара торгой, ала дунга, кызыл тумшук чөкө таан). Кара каш кара торгой кышында тоо этегиндеги түздүктөрдө жашоо-тиричилигин өткөрөт, ал эми ала дунга кээде айыл-кыштактарга чейин түшүп келишет.

Канаттуулардын жогоруда көрсөтүлгөн биотопторго бөлүнүшү бул салыштырмалуу көрүнүш. Жырткыч канаттуулардын, анын ичинен некрофагдардын тарп жечүүлөрдүн, жорулардын «Беш-Таш» коругу үчүн ролу зор деп айтсак болот. Алар ар-кандай инфекциялык оорулардын натыйжасында өлгөн жаныбарлардын (кийиктер, суурлар ж.б.) өлүмтүктөрүн жеп кетүүлөрү менен жаратылышта санитардык ролду аткарышат. Ошентип, өтө чоң эмес аймакты ээлеген бирок, жаратылыш шарттары ар түрдүү болгон ички Тянь-Шанга мүнөздүү изилденген район мындан башка эколого – зоологиялык Тянь-Шань ички закон ченемдүүлүктөрүн жыйынтыктоого кеңири мүмкүнчүлүк берет. Мындан аркы Талас Ала-Тоосунун флорасын изилдөө менен фаунаны түзүүчү элементтерди илимий негизде тактоого негиз берет. Канаттуулар буга чейин морфофизиологиялык жана таксономиялык багытта гана изилденип келсе, бүгүнкү күндө алардын экологиялык өзгөчөлүктөрү көптөгөн окумуштууларды кызыктыруу менен бирге бул багытта атайын изилдөөлөр улантылууда.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Владышевский Д.В. Значение трофических связей птиц и зверей в лесном биогеоценозе // Проблемы лесной биогеоценологии. – Новосибирск: Наука, 1980. – С. 23–28.

2. Дальник В.Р. Проблемы миграции птиц через аридные и горные пространства Средней Азии // Орнитология. – 1982. – Вып. 17. – С. 13–17.

3. Дементьев Д. П. Определитель птиц Киргизской ССР. – Фрунзе-Казань, 1940. – 55 с.

4. Кыдыралиев А. К. Пролетные пути и их роль в формировании авиакомплексов Центрального Тянь-Шаня //Новости орнитологии: Тез. докл. 4-ой Всесоюз. орнитол. конференции, А-та, 1966. – С. 208–209.

5. Спангенберг Е.П., Судиловская А.М. Материалы по биологии и вертикальному размещению птиц в Киргизском Ала-Тоо // Учен. зап. Моск. обл. пед. ин-та. Тр. Каф. зоологии. – 1959. – Т. 21, вып. 4. – С. 142–150.

6. Торопова В.Н., Шукуров Э.Д. Массовые миграции птиц в Северной Киргизии. – Бишкек: Илим, 1991. – 200 с.

7. Тугаринов А.Г. Миграции птиц северной Азии // Природа. – 1930. – № 5. – С. 507–544.

**Рецензент: биол. илим. канд., доц. Койчуманов З.Т.**